ЖОБО ЖАМУнун
Окуу-усулдук кеңешинде
каралып, бекитүүгө
сунушталган
протокол №2 22-сентябрь,2020-ж.

БЕКИТЕМИН
ЖАМУнун ректору,
т.и.д., профессор К.Ж.Усенов
________________
"___" __________2020_-ж.

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде уюшулуп жаткан «Аралыктан окутуудагы мыкты сабак» конкурсу тууралуу»**

# ЖОБО

1.**Жалпы жоболор**

1.1. «**Аралыктан окутуудагы мыкты сабак**» аталышындагы конкурстун ушул жобосу (андан ары – конкурс) конкурстун жүрүү тартибин, максатын, маселелерин, катышуу шарттарын, конкурска сунушталган материалдарды каттоо тартибин, баалоо критерийлерин, тандоо тартибин жана конкурстун жеңүүчүлөрүн сыйлоо эрежелерин камсыздайт

1.2. Конкурс аралыктан окутуу мезгилинде платформаларды (**ZOOM, Jitsi Meet** ж.б.) колдонуу менен жүргүзүлот. AVN порталында катталат

1.3. Конкурстун негизги принциптеринин бири ачык-айкындуулук, бардык катышуучулар үчүн бирдей шарттын түзүлүүсү эсептелет.

1.4. Конкурс негизинен интернет тармагын пайдалануу аркылуу жүргүзүлүп, маалымат борборунун адистери, окуу жана сапат бөлүмүнүн адистери түздөн-түз катышат.

1.5. Конкурстун уюштуруучулары болуп, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (мындан ары - ЖАМУ) окуу бөлүмүнүн усулдук кеңеши саналат.

1.6. **Конкурстун максаты**: ЖАМУда аралыктан окутуу мезгилинде маалыматтык-коммуникация технологиясын пайдалануу областында билим берүүнү жогорку деңгээлде уюштуруу чеберчилигин арттыруу жана жайылтуу, студенттер менен системалуу кайтарым байланыш түзүүнү күчөтүү.

1.7**. Конкурстун милдеттери:**

- Онлайн окутууда окутуучулардын жаңы педагогикалык технологиялар менен иштөөсүнө мотивация берүү, окутуучулардын өнүгүүсү үчүн шарт түзүү;

- Аралыктан окутуу областында иштелип чыккан түрдүү инновациялык иштелмелердин банкын түзүү;

- Өз ишмердүүлүгүндө окутуунун инновациялык формаларын жана усулдарын жайылткан, табылгалуу, таланттуу, тажрыйбалуу педагогдорду аныктоо.

1.8. **Конкурстун катышуучулары:** Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамы катышат. Конкурстун катышуучулары чектелбейт.

1.9. **Конкурстун номинациялары:**

- **“Санарип окутуучу”**
- **“AVN порталын мыкты колдонуучу”;**
- **“Мыкты видео сабак”;**

**2. Конкурска катышуунун шарттары жана тартиби**

2.1. Конкурстун катышуучулары атайын сунушталган электрондук дарекке электрондук түрдө катышуу үчүн арыз беришет.

2.2. Ар бир номинация өз-өзүнчө катталууга тийиш.

2.3.Конкурска катышуу арызын берүү үчүн сунушталган форманы толтуруу зарыл: арыз берүүчүнүн жекече маалыматы (аты-жөнү, кызматы, иш орду, e-mail дареги, телефону, социалдык тармактардагы аккаунтунун шилтемеси), сабактын аталышы (сабактын темасы жадыбалга, социалдык тармактардагы сунуштаган шилтемелерине, жумушчу программага дал келүүсү шарт. Онлайн сабактын иштелмеси кошумча тиркелет. Тиркеме №1).

2.4. Катышуучу конкурска окутуп жаткан бир сабагынын, материалдарын сунуштоо менен конкурстун талаптарын так аткарууга милдеттүү.

2.5. Конкурска катышуу үчүн арыздар корсөтүлгөн мөөнот ичинде гана кабыл алынат.

**3. Конкурстун катышуучуларын жана жеңүүчүлөрүн колдоо**

3.1. Конкурстун эксперттеринин баалоосунун натыйжасында ар бир номинация боюнча рейтинг тизмеси чыгарылат. Конкурстун жеңүүчүлөрү болуп, алдыңкы 1-орундар эсептелет. Конкурстун байгелүү орундары болуп, 2,3-орун эсептелет.

3.2. Ар бир номинация боюнча атайын байгелер: акчалай, диплом жана сертификат түрүндө берилет.

**4. Конкурсту өткөрүүнүн мөөнөтү**

| | |
|---|---|
| 2021-жыл дын 15-30-март | Конкурска катышуу үчүн арыз берүү |
| 2021-жылдын 30-март | Арыздарды кабыл алууну аяктоо |
| 2021-жылдын 1-апрель | Конкурстун эксперттерин дайындоо |
| 2021-жылдын 2-30-апрель | Конкурстун жүрүшү |

| | |
|---|---|
| 2021-жылдын 10-майы | Конкурстун жеңүүчүлөрүн жарыялоо |
| 2021-жылдын 30-май-15-июнь | Конкурстун жеңүүчүлорүн сыйлоо |

**5. Эксперттерди дайындоо тартиби**

5.1. Конкурстун тапшырмаларын баалоо үчүн уюштуруучу (окуу иштери боюнча проректор) тарабынан аталган окуу жайда иштеген, көз карандысыз эксперттик кеңеш дайындалат.
5.2. Эксперттик кеңештин мүчөлөрү (мындан ары – эксперттер) болуп, усулчулар, окуу жайдын ар түрдүү тармагын жетектегендер, педагогдор, МБТнын адистери киришет. Эксперттик курам жалпы 15 (он беш) адамдан турат, 3 номинация боюнча болүнүшот.
5.3. Конкурстун эксперттери дайындалган күндөн тарта, конкурстун катышуучулары менен түз байланышта болууга, конкурс тууралуу талкуулоого, маалымат берүү жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө тыюу салынат. Эксперттин кандайдыр бир кызыкчылыгы байкалса, анын иш алып баруусуна жетекчилик тарабынан тыюу салынат.
5.4. Ар бир катышуучу үчтөн кем эмес эксперттик баалоодон отүүсү шарт.
5.5. Конкурстун катышуучусун баалоонун жүрүшүндө ар бир эксперт ар бир критерий боюнча койгон баллын протоколдоштурат, коюлган баллдын орточо саны эсептелинет, орточо алынган балл боюнча катышуучулардын рейтинги чыгарылат.
5.6. Жыйынтыгында конкурстун уюштуруучусу (окуу иштери боюнча проректор) ар бир номинация боюнча жыйынтык баллдарынын рейтинг тизмесин жарыялайт.
5.7. Конкурстун катышуучуларынын кимисинин баллы жогору болсо, рейтинг корсоткүчү да жогору болот.

6.. **Конкурска катышкан катышуучуларды баалоонун критерийлери:**
1**. “Санарип окутуучу”**

| № | Критерийи | Баллынын саны |
|---|---|---|
| 1 | Интернеттеги сабак отүү боюнча түрдүү платформаларды натыйжалуу колдонуусу (**ZOOM, Jitsi Meet, Peardeck, Quizlet** ж.б.)<br>Платформаларды колдонгондо**:**<br>- Уюштуруу баскычынын аткарылышы (байланыш сапаты, кемчиликтердин жоюлушу, студенттердин сабакка катышуу көрсөткүчү);<br>- натыйжалуу демонстрациясы;<br>- жандуу талкуу уюштуруу;<br>-Платформаларды колдонгондо болмөлөргө болүп, студенттерди топто иштетүүсү ;<br>-Колдонулган платформалар менен **AVN** порталын байланыштыра алуусу;<br>- Студенттердин платформалар менен иштөо көндүмүн | 0-5 |

| | | |
|---|---|---|
| | уюштура алуусу жана аларды пайдалануу деңгээлин, улам кайталануучулугун кароо.<br>-Колдонгон платформасында студенттерди баалоону уюштуруу | |
| 2 | Колдонгон платформасы менен студенттерге системалуу түрдо тестти иштетип модулдарга экзамендерге даярдоосу | 0-5 |
| 3 | Конкурска сунушталган иштин сапаты<br>(сабаттуулугу, логикалуулугу, көрсөтмөлүүлүгү ж.б.) | 0-5 |
| 4 | Окуу процессинде колдонууга мүмкүн болгон платформалардын негизинде студенттерге тапшырмаларды иштетүү, студенттердин өз алдынча ишин түзүү жана уюштуруу | 0-5 |
| 5 | Сабактагы кайтарым байланышты түрдүү формада уюштуруу жана кабыл алуу (видео ролик, слайд, жазуу ж.б.) | 0-5 |
| 6 | AVN порталында студенттер менен кайтарым байланыш түзүүсү жана окуу материалдарынын КелБилге жүктөшү | 0-5 |
| 7 | Педагогикалык чеберчиликтин сапаты жана деңгээли: мугалимдин предметтик компетенттүүлүгү жана жалпы эрудициясы; кеп маданияты (дикция, темп, сүйлоө сабаттуулугу); педагогикалык баарлашуусунун стили | 0-5 |
| 8 | Жогорудагы корсоткүчтөрдү камтыган бир сабагына катышуу. | 0-5 |

2. **“AVN порталын мыкты колдонуучу”**

| № | Критерийи | Баллынын саны |
|---|---|---|
| 1 | Студент үчүн окуу усулдук материалдарынын толугу менен KelBilge жана AVN ге жүктолүшү | 0-5 |
| 2 | AVN программаларды толук өздоштүрүүсү | 0-5 |
| 3 | AVNден ар бир студенттен кайтарым байланыш алып, аларга жекече жооп берүүсү | 0-5 |
| 4 | AVNдеги сабагына студенттер дайыма 80% тен кем эмес катышуусу | 0-5 |
| 5 | AVNдеги сабагына 70%тен кем эмес студенттердин кайтарым байланыш берүүсү | 0-5 |
| 6 | AVN деги тесттик тапшырмаларынын сапаты жана методикалык талаптарга жооп берүүсү, студенттердин жетишүүсүнүн жогору болушу | 0-5 |

**3. “Мыкты видео сабак”**

| № | Критерийи | Баллынын саны |
|---|---|---|
| 1 | Сабактын максатынын жана милдеттеринин камтылышы жана | 0-5 |

| | | |
|---|---|---|
| | аткарылышы | |
| 2 | Сабакты өтүү сапаты, убакытты натыйжалуу пайдалануусу | 0-5 |
| 3 | Сюжеттик линияны куруунун логикасы | 0-5 |
| 4 | Аралыкта окутуу материалдарынын сапаты, көрсөтмөлүүлүгү (сүрөттор, схемалар, анимация ж.б.) | 0-5 |
| 5 | Баалоо иш-аракеттеринин деңгээли | 0-5 |
| 6 | Алдыңкы билим берүү технологияларынын жана санариптик технологиялардын соңку жетишкендиктерин киргизүү даражасы | 0-5 |
| 7 | Кайтарым байланышты ишке ашыруунун жолдорунун берилиши | 0-5 |
| 8 | Педагогикалык чеберчиликтин сапаты жана деңгээли: мугалимдин предметтик компетенттүүлүгү жана жалпы эрудициясы; кеп маданияты (дикция, темп, сүйлөө сабаттуулугу); педагогикалык баарлашуусунун стили | 0-5 |
| 9 | Видео сабактын көлөмүнүн жобого ылайык келиши, жасалгаланышы жана жободогу талаптын аткарылышы | 0-5 |

Критерийлерге ар бир пункттарга ылайык, 0 дон 5 баллга чейин балл коюлат. (0 балл – баалоо критерийлерине туура келбейт, 2-3 балл – жарым жартылай же 50-60% туура келет, 4 балл 80% туура келет, 5 балл – толук же 100% туура келет). Эксперттик кеңештин ар бир мүчөсү баллдарды койгон соң, орточо балл чыгарылат жана ал жыйынтыктоочу болуп эсептелет.

## 7. Жеңүүчүлөрдү аныктоо жана жарыялоо

7.1. Конкурстун жеңүүчүлөрүнүн тизмеси ЖАМУнун сайтына жарыяланат.
7.2. Конкурстун жеңүүчүлөрүнө тиешелүү маалыматтар жеткирилет.
7.3. 2020-2021-окуу жылынын аягында конкурстун жеңүүчүлөрү тиешелүү байгелер менен сыйланат.

**ЖОБОну иштеп чыккандар:**
**Алибаев А.П.**
**Сакбаева З.И.**
**Турдубаева Б.М.**
**Токтогулова Г.**
**Ирисова Г.**

*1 –тиркеме*

**“Аралыктан окутуудагы мыкты сабак” конкурсуна катышуу үчүн арыздын формасы**

“Санарип окутуучу” “AVN порталын мыкты колдонуучу”, “Мыкты видеосабак” аталышы боюнча конкурстук комиссиясына

Арыз

_______________ __________ ___________ __________________

Факультети кафедрасы ээлеген кызматы аты жөнү

тарабынан “Санарип окутуучу”, “AVN порталын мыкты колдонуучу”, “Мыкты видео сабак” (тиешелүү багыт гана көрсөтүлот) конкурсуна катышуу үчүн тиешелүү документтердин кабыл алынышын суранам. Конкурстун жобосу жана откорүү моөнөттөрү менен тааныштым.

Жобого ылайык талап кылынган документтер тиркелет.

___________________________________________________________

Арыз ээсинин аты – жөнү кол тамгасы датасы